Математика жана информациялык технологиялар факультетинин программалоо кафедрасынын жыйынынын

**ПРОТОКОЛУ**

*22-октябрь, 2018-жыл.*

*Төрага:* А. Сопуев
*Катчы:* Н. Абдирайимова
*Катышкандар*: Программалоо кафедрасынын жана көмөкчү кафедралардын мүчөлөрү

*Күн тартиби:*
"ИВТ, ИСТ бакалавр жана магистрдик программалары үчүн НББПны талкулоо" деген темада тегерек столдо уюштурулган жыйынды талкуулоо

**Угулду:**

*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор):* Бүгүн сиздер менен "ИВТ, ИСТ бакалавр жана магистрдик программалары үчүн НББПны жана стратегиялык пландарын талкулоо" деген темада тегерек стол уюштуруп, 2018-2019-окуу жылы үчүн негизги билим берүү программасын жана стратегиялык пландарды сиздер менен биргеликте талкуулайлы деп жатабыз. НББП ар жыл сайын иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн жана студенттердин сунушунун негизинде өзгөрүп жатат. Ошол себептен сиздер менен быйылкы окуу жылына катара түзүлгөн НББПсын талкуулоо зарыл болуп жатат. Биз бир нече пункттардан турган иш берүүчүлөрдөн жана студенттерден сунуштарды алдык. Ал сунуштардын үстүнөн биз дагы иштешибиз керек. Анда ИВТ бакалавр багытынын программасы боюнча педагогика илиминин кандидаты, доцент Айтбай кызы Айгүл ал эми ИСТ бакалавр жана магистрдик программалары үчүн улук окутуучу Г.С. Абдугулова маалымат берет.

*Г.С. Абдугулова (Программалоо кафедрасынын улук окутуучусу)*: Бүгүн 2018-2019-окуу жылы үчүн негизги билим берүү программасын жана стратегиялык пландарды сиздер менен биргеликте талкуулайлы деп жатабыз. Ошол себептен сиздер менен быйылкы окуу жылына катара түзүлгөн НББПсын талкуулоо зарыл болуп жатат. Сиздер дагы сунуштарды берсеңиздер. Ал сунуштардын үстүнөн биз дагы иштешибиз керек.

ИВТ бакалавр багытынын программасы боюнча педагогика илиминин кандидаты, доцент Айтбай кызы Айгүл кеңири маалымат берди. Ал эми ал эми ИСТ бакалавр жана магистрдик программалары үчүн Г.С.Абдугулова маалымат берди.

**Жарыш сөз:**

*Тезекбаева А. (факультеттер аралык кыргыз тили жана адабияты практикалык курсу кафедрасынын окутуучу)*: НББПдагы өзгөрүүлөрдү талкуулоо бул негизги маселелердин бири болуп саналат. Бул көмөкчү кафедралардын окутуучуларына да түздөн түз тиешелүү деп эсептейм. НББПнын максаттарына, окутуу натыйжаларына өзгөртүүлөр жүргүзүлүптүр, аны карап чыктык. Дисциплиналардын аннотациясына толуктоолорду жүргүздүк. Сиздер талап кылган маселелер боюнча биз дагы даярдадык.

*Дубанаева К. (англис тилинин практикалык курсу кафедрасынын башчысы):* НББПнын максаттарына, окутуу натыйжаларына өзгөртүүлөр киргизилиптир, аны биз дагы карап чыктык. Дисциплиналардын аннотациясына толуктоолорду жүргүздүк. Сиздер талап кылган маселелер боюнча биз дагы даярдадык. Андан сырткары компетенциялардын матрицасын, пререквизиттерди жана постреквизиттерди тактадык.

**ЧЕЧИМ:**

1. "ИВТ, ИСТ бакалавр жана магистрдик программалары үчүн НББПны талкулоо" деген темада тегерек столдо талкууланган сунуштар эске алынсын;
2. Аны көзөмөлдөө кафедра башчысы А. Сопуевге жүктөлсүн.

Кеңешменин төрагасы: Сопуев А.

Катчы: Абдирайимова Н.